**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын кезектеги 13-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 13-октябры №26** **Айдаркен шаары**

**Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388-404-беренелерине ылайык, Айдаркен шаарынын аймагында Кз зоналык коэффициентти бекитип берүү жөнүндө**

Мамлекеттик салык кызматынын Кадамжай району боюнча башкармалыгынын жана Айдаркен шаардык мэриясынын салык боюнча адистеринин КРнын Салык кодексинин 388-404-беренелери боюнча маалыматын угуп, талкуулап чыгып мыйзамдуулук, укук коргоо, регламент, депутаттык мандат, сыйлыктарды берүү жана этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде, КРнын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктуна ылайык, Айдаркен шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айдаркен шаарынын аймагындагы турак эмес имараттардын, курулмалардын жана жайлардын, калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгын эсептөө үчүн Кз зоналык коэффициент №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы шаар мэри Б.Бегалиевге жүктөлсүн.

3. Токтом 2026-жылдын 1-январынан баштап күчүнө киргизилсин.

4. Токтомду расмий жарыялоо жана Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы жооптуу катчы Г.Амирбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Алтымышова**

**Айдаркен шаардык кеңешинин**
**№26-токтомуна №1 тиркеме** (1 баракта)

**Айдаркен шаарынын аймагындагы мүлк салыгы боюнча имараттардын жана жер тилкелердин салыгын эсептөө үчүн Кз зоналык коэффициенттери**

| **№** | **Объекттин функциялык багыты** | **Зоналык коэффициенттери (Кз)** |
|---|---|---|
| 1 | “Айдаркен сымап акционердик коому” ААК | 1,2 |
| 2 | Калктуу конуштардын жерлери жана айыл чарба багытындагы эмес жерлер | 1,2 |
| 3 | Айыл чарба жерлери | 1,5 |
| 4 | Үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участоктору | 1,5 |
| 5 | Май куюучу станциялар | 1,5 |
| 6 | Чакан базарлар, базарлар, соода-базар борборлору, комплекстери, соода борборлору | 1,5 |
| 7 | Коомдук тамактануу, соода, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү мүлк объекттери | 1,5 |
| 8 | Административдик, кеңсе имараттары, бизнес-борборлор, банктар, ошондой эле капиталдык курулуштар же коммерциялык эмес уюмдардын жайлары | 1,5 |
| 9 | Транспорт ишканаларынын, автосервис, байланыш жана энергетика ишканаларынын мүлк объекттери | 1,5 |

**Жооптуу катчы** **Г.О.Амирбекова**